Бекитем
А.Тилекеев атындагы жалпы
билим берүү орто мектебинин
директору Кенжегулова О.А.

# Эксперттик комиссия жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Эксперттик комиссия мектептин иш процессинде түзүлгөн документтеринин, анын ичинде башкаруу, окулуучу жана башка атайын документтердин баалуулугун көрсөтүү, мектеп кызматкерлеринин иши, оку-тарбия процессинин туура жүрүшү боюнча методикалык жана практикалык иштерди уюштуруу жана жүргүзүү үчүн жүргүзүлөт.

1.2. Эксперттик комиссия жөнүндө Жобо КР Эмгек кодекси, КР "Мугалимдие статусу жөнүндө" мыйзамынын, мектептин Уставынын, жергиликтүү актыларга таянып түзүлгөн жана педкеңшмеде каралып толуктоолор, сунуштоолор киргизилет.

1.3. Эксперттик комиссия кеңешүүчү орган болуп эсептелет. Комиссиянын чечимдери, аларды мектептин жетекчиси бекиткенден кийин күчүнө кирет. Ушул болжолдуу жобонун 7-пунктунун в), г), д) пунктчаларында белгиленген учурларда эксперттик комиссиянын чечимдери менен макулдашылгандан кийин күчүнө кирет.

1.4. Эксперттик комиссиянын персоналдык курамы жетекчинин орун басарынын биринин төрагалыгынын алдында квалификациялуу адистердин ичинен мектептин актысы менен дайындалат.

1.5. Ушул болжолдуу жобонун негизинде мекеме өзүнүн эксперттик комиссиясы жөнүндө жекече жобону иштеп чыгат, макулдашылгандан кийин эксперттик комиссиянын жеке курамы менен бирге мектептин жетекчиси актысы менен бекитет.

1.6. Эксперттик комиссия өзүнүн ишинде жергиликтүү ченемдик укуктук актыларга, жобого таянып иш кыла алат.

## 2. Эксперттик комиссиянын милдеттери

- Иш кагаздарын жүргүзүү баскычында көктөмөлөрдүн номенклатурасын жана көктөмөлөрдү түзүүдө документтердин баалуулугун экспертизалоону уюштуруу жана жүргүзүү;
- Архивге сактоого даярдоо баскычында документтердин баалуулугун экспертизалоону уюштуруу жана жүргүзүү;
- Мектеп документацияларынын, иш кагаздарынын туура жүрүшүнө көзөмөл кылуу;